КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын XI сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын август айынын 19у №102** **Темир айылы**

**Жер тилкесин берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 32-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө" кодексинин 13-беренесине, Кыргыз Республикасынын Турак жай Кодексинин 44-беренесине ылайык жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин "Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 13-августундагы №11-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Садыр Аке айыл аймагынан томолой жетим Женишбекова Фатимага Кашат айылынын Химия жаңы конушунун №18-жер тилкесинен аянты 0,8га жер тилкеси жеке менчик үй салууга бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н. Молдакматовго милдеттендирилсин.
3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
4. Токтомду көзөмөлгө алуу "Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Айыл өкмөткө-1.*